83.3
А-59




МИДИН
АЛЫБАЕВ

# ЭМНЕ ҮЧҮН КОРОЗ ТАҢ АЛДЫНДА ЧАКЫРАТ?

83.3
А-59
2018

МИДИН АЛЫБАЕВ

# ЭМНЕ ҮЧҮН КОРОЗ ТАҢ АЛДЫНДА ЧАКЫРАТ?

Мектеп жашына чейинки жана
мектеп жашындагы кенже балдар үчүн
2-басылышы



ЦБС
ТАШ-КУМЫРСКАЯ
централизованная
библиотечная система

"ЭРКИН-ТОО"
Бишкек 2003



*Кымбаттуу балдар!*

*Силер аркасына **2200** жылдык из калтырган байыркы кыргыз элинин урпагысыңар. Ошол байыркы элибиздин бай тарыхын өздөштүрүү үчүн элдик ооз эки чыгармаларды жомок, макал-лакаптарды жана сармерден айтышкан ырларды билүүңөр зарыл. Ошондуктан, балдар, силер үчүн кыргыз адабиятынын башатында турган акын-жазуучулардын котормолорун, жомокторун кайра басып чыгарып, силерге тартуулаганыбыз биз үчүн кубаныч.*

*Майрамыңар менен балдар! Улуулардын жолун жолдоп, билимдүү, биримдүү, сабырдуу жана кайраттуу, кылымдарды арыткан ата-бабаңардын каада-салтын, маданиятын урматтаган уул-кыздардан болушуңарды каалайм.*

*Китептен ашкан байлык жок, билимди сүйгүлө, билимге ээ болгула! Силерди айкөл Манастын руху колдоп, ак жолуңар ачылсын.*

*Бермет Акаева*



Бир убакта,
Чарчадым, - деп жатып алган экен Күн,
Ошондо, жердин жүзүн каптаптыр караңгы түн.



Жараксыз, жана чекти бүткүл аалам,
Жан-жаныбар темселеди,
Бирин-бири таанып үнүнөн аран.
Көтөрө албай мындай кыйналышты,
Акыры ачты жыйналышты -
Ар түрдүү канаттуу куш жана да адам.
Караңгыдан кутулуунун таппай эбин,
Кеңешишти көпкө чейин.
- Билесинер,
Күн жаткан жер өтө алыс,
Адамзат кулач уруп жете алгыс.
Ар дайым аба жиреп көкөлөгөн,
Кандайдыр бир канатуу барсын жалгыз.

– Жиберели Тоту кушту кооз жүндүү,
Ай, балким,
Ойгото алар биздин Күндү
Ошентип, Тоту куш Күнгө жетти,
Эшигин анын тык-тык чертти.
Төшөктөн Күн ойгонуп баш көтөрүп:
– Не келдиң,
Кана башта айтаар кепти?
– Биз үчүн караңгылык өтө жаман,
Кадимкидей нуруң төкчү кайрадан.
Менин куйругум
Көрктүүрөк эле жибек саймадан.
Сенден жок болуп жарык,
Азыр мен карып,
Кемирээк болуп турам каргадан.
– Эй, Тоту, сен түшүн,
Ырас,
Жакшы түсүн.
Сендеги жалгыз куйрук үчүн,
Кыла албайм жарык
Дүйнө жүзүн.



Ошентип Тоту,
Болуп сопу,
Өз изине түштү,
Күндөн үмүтүн үздү.
Түшүнүп Тоту куштан уккан кепти,
Кантсе да барайын деп Булбул кетти.

Сайрады Булбул барып күүдөн терип,
Күнүмө жагам деген ойго келип.
"Бул ким?" - деп көз ушалап уйкусунан,
Козголду Күн төшөктөн боюн керип.
Күн:
- Көп сайрап неге мынча саласың жар?
Ачык айт, менде кандай жумушуң бар?
Булбул:
- Көтөрүл, кадимкидей жаркылдагын,
Ааламды карангыга калтырбагын.





Күн:
- Кантем деп келиптирсиң арга кылып,
Ырыңа каршы бекен караңгылык?

Булбул:
- Жок, түнкүсүн кыйын сайрайм кайра,
Басылып үнүм, аткан таңда.
Күн чыкканы мага түзүк,
Болбосо түн бою сайрай берип,
Калаар эле үнүм бүтүп.

Күн:
- Мен дагы эс алсам боло кенен,
Баш көтөрө албайм, оор тартып денем,
Жарык болбойм бир үндүн урматы үчүн,
Кеткин, келген жолуң менен.



Андан кийин жөнөдү Кулаалы,
Сурайм деп жарык бу дагы.
- Ой, Күн, уйкудан көзүң аччы,
Терип жей албай балапанды,
Аябай курсак ачты.

Буга күндүн кыжыры келди:
- Сен балапан жеөңө,
жарык болчу менби?
Кайра жаздыкка коюп башты,
Төшөгүн чүмкөнүүгө шашты.
Күндөн кагуу жеп жалтактап,
Кулаалы жерди карай
учту салпактап.



Анда Короз сурады,
Жарыктыкка барууну.
Тилек кылып бир жакшыраак,
Жооп алууну.
Бирок,
Ага ким ишенмек?
Үнү да, жүнү да,
Анчалык кооз эмес деп.
Ошондой болсо да жөнөдү,
Кайрат кылып бек.



Күн ал кезде жаткан, терең уйкуда мемиреген.
Короз акырын баш жагына барды да,
Ырынан коё берди, дарылдаган үнү менен.
Күн чочуп тура калды элең-элең.

Ой менен:
- Ой кокуй! Бул ким деген?
(Ошондо аалам жарык болду кенен.)

Короз ого бетер баштады:
- Ку-ку-ру-куук!
Ырымды жакшы ук.
Жата бересиңби тим?
Сен ким?
Ушуну билгин!
Жарык берип жан-жаныбарды,
Жашартуу сенин милдетин.





- Ойлочу эмгекчи адам баласын,
Ошондо эмки катаңды эсиңе аласың.
Алардын колунан жасалган,
Жаркыраган,
Асылдардан,
Өзүңдү-өзүң көрүп тан каласың.
- Дагы ойлончу,
Дыйкандар тиккен бак-дарак,
Дайыма турушат сени карап.
Бир жагынан дан -
Ак буудай, күрүч ыргалат.
Нуруң менен бардык жан-жаныбар
Жыргамак.



Анда Күн,
Мындай деп чыгарды үн:
- Корозум, түзүк экен ырың,
Бирок айтайын чынын.
Жашагым келет жалаң өзүм үчүн,
Ошондуктан уктаймын,
Кетпесин текке күчүм.

Короздун ачуусу келип,
Мындай деди, жооп берип:
- Кимде-ким жалгыз өзү үчүн жашаса,
Алар башкалар үчүн өлүк.
Угуп тур, менин тилиме көнүп.
Жан-дили менен иштеген
Жакшы уктайт эмеспи,
Эмгекке да, эс алууга да убакыт бөлүп.
Сен эмне болгонсуң,
Жалаң өзүңү жакшы көрүп?!





Күн Короздун адилет сөзүнө баш ийди,
Кайра кадимкисиндей жерге тийди.

Мына ошондон бери калган экен
Короздо адат,
Ырдамак таң сүрөөр замат.
Анын биринчи ыры Күнгө:
- Кукуру-ку-куук!!!
Күн, ырымды ук!
Бол, тезирээк ойгон,
Күндөлүк ишинди ойлон!

Экинчи ыры Жерге:
- Кукуру-ку-куук!!!
Жер, ырымды ук!
Таң сүрдү досум Жер,
Тез ойгонуп,
Тамырларга, данга суусун бер!

Үчүнчү ыры элге:
- Кукуру-ку-куук!!!
Эл-журт, ырымды ук!
Шооласын бүркүп,
Караңгылыкты чалкасынан түртүп,
Тез ойгон,
Көзүндү сүртүп,
Жериң турат жемиштүү
Эмгегинди күтүп...

ББК 83.8
А-59

*1-басылышы 1958-жылы чыккан*

Алыбаев Мидин
А-59 Эмне үчүн короз таң алдында чакырат: Мектеп жашына чейинки ж-а мектеп жашындагы кенже балдар үчүн /Сүрөтчүсү З.Мидинова.-2-бас.-Б.: 2003.- 16 б. - ("Бөбөк").

ISBN 9967-21-929-7
А 4803300200-03 ББК 83.8

*Көркөм адабий басылма*

**Мидин Алыбаев**

# ЭМНЕ ҮЧҮН КОРОЗ ТАҢ АЛДЫНДА ЧАКЫРАТ?

Мектеп жашына чейинки жана мектеп жашындагы кенже балдар үчүн

2-басылышы

*Редакторлору: М.Абылкасымова, Г.Мурзахмедова*
*Сүрөтчүсү: З.Мидинова*
*Корректор: Б.Утурова*
*Компьютердик калыпка салган: Р.Султаналиев*

Кыргыз Республикасынын Улуттук Китеп палатасына берилген материалдары үчүн терең ыраазычылыгыбызды билдиребиз.

*Терүүгө 03.08.03. берилди. Басууга 12.08.03 кол коюлду. Кагаздын форматы 60х84$^{1}/_{16}$. Нускасы 1500. Заказ №*

*"Эркин-Тоо" басмаканасында басылды.*

Китепке кызыккан суроолоруңар болсо 66-52-13 телефонуна кайрылыңыздар. Дареги: Бишкек ш., Эркиндик бул., 45.

ЦЛБ
Таш-Кумырская централизованная библиотечная система

10 сом

